

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ

## Касым Тыныстанов

**Касым Тыныстанов** (1901, азыркы Ысык-Көл району, Чырпыкты кыштагы, - 1938) - кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, азыркы кыргыз адабиятына негиз салгандардын бири, акын, драматург, агартуучу, коомдук ишмер, журналист,биринчи кыргыз профессору (1936).

Өмүр баяны

Алгачкы билимди диний мектептен алган, шаардык (Каракол) орус жергиликтүү мектебинде агартуу институтунда окуган. "Эркин Тоо" гезитинин жооптуу редактору болуп иштеген. 1927-30 жж. Кыргыз АССР эл агартуу комиссары. 1928 жылында «Жаңы маданият жолунда» журналды уюштурууга катышып 1931 ж. чейин анын жооптуу редактору болгон. 1931-37 жж. - Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, сектор башчысы, директордун миллдетин аткаруучу, ошол эле учурда Кыргыз педагогикалык институтунда окутуучу. Касым Тыныстанов 1938 ж. репрессиялар учурда "Эл душманы" деген наамга коюлуп, атылып өлтүрүлгөн.

Касым кыргыз жазма адабиятын жана илимий тил таанууну баштоочулардын бири. Кыргыздын улуттук жазуусун иштеп чыгууга, асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны орус алфавитине алмаштыруу иштерине катышкан. Азыркы кыргыз орфографиясынын негизги принциптерин иштеп чыгып, кыргыз тилинде тунгуч окуу китептерин, кыргыз тилинин тунгуч грамматикасын жана тил илими боюнча кыргызча терминологияны түзгөн. Касым адегенде казакча, кийин кыргызча жазган ырлары Алматы жана Ташкент те казакча чыгуучу газета-журналдарга жарыяланып, 1925 жылы «Касым ырларынын жыйнагы» деген ат менен Москвада жарык көргөн.Касым - тунгуч көркөм котормочу. Ал «Интернационалды», И.А.Крыловдун тамсилдерин биринчи жолу кыргызчалаткан. Орус революциячыл ырларын "Өзгөрүштүн ырлары" деген ат менен которуп, кичине китеп кылып чыгарган. Касым кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, асыресе "Манас" эпосун жыйноого зор көнүл бөлүп, бул темада атайын макалалар жазган, уюштуруу иштерин жүргүзгөн. Мисалы, улуу манасчы Саякбай Каралаев уулунун айтуусундагы "Манас" үчилтигин толук жазып алуунун демилгечиси жана уюштуруучусу болгон. "Манас" эпосун орусчага которуу ишине катышкан. Касым Тыныстанов 1901-жылдын 10-сентябрында Ысык-Көл районунун Чырпыкты айылында туулган. Ата-энесинин тек –жайы , турмуштук абалы жөнүндө так маалымат жок . К.Тыныстанов жөнүндө жазылган макалаларда анын кедей үй-бүлөдөн чыккандыгы айтылса, кээ бир изилдөөчүлөр атасын оокаттуу адамдардын катарына кошушат. К.Тыныстанов 1909-1912-жылдарда Чырпыктыда мусулман мектебинде окуп , андан кийин Сазановка айылындагы өзбек медресесине кирет. 1914-1916-жылдары Караколдогу орус-түзем мектебинде окуган. 1916-жылы Үркүн учурунда эл менен Кытайга качат. Ал Кытайда

Сканировано с CamScanner

кандай жашоо өткөргөндүгү тууралуу маалымат жок. 1918-жылы гана кайтып келип көл башындагы Тепке айылында таякелериникинде туруп калган. Тепке айылында жүргөндө ыр дагы чыгара баштаган. 1919-жылы Ташкентге келип, Казак-кыргыз агартуу институтунун даярдоо бөлүмүнө алынган. 1920-жылы Кыргыз агартуу институтунун 1-курсуна кабыл алынган.

## Ишмердик жолу

К.Тыныстановдун ишмердик жолу институтта окуп жүргөн кезинде эле башталган. Ал 1920-1924-жылдары «Өрис», «Ак-Жол»гезиттеринде, «Жас Кайрат», «Сана» журналдарында кызматкер болгон. 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Академиялык Борборунун Кыргыз бөлүмүнүн катчылыгына дайындалат. Ал кызматта 1926-жылга чейин иштеп , ошол эле убакта «Эркин-Тоо» гезитинин жооптуу редакторунун милдетин да аткарган. 1927-жылы Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Эл Агартуу Комиссары болуп дайындалып, үч жыл эмгектенген. Ушул эле убакта «Жаны маданият» журналынын редактору, 1930-37-жылдарда Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, 3 ай анын жетекчиси кызматын аркалаган. Кыргыз педагогикалык институтунда лекция окуган. К.Тыныстанов Кыргыз ССРиндеги 1932-жылы доценттик, 1936-жылы профессорлук наамын алган эң биринчи адам.

## Илимий ишмердиги жана чыгармачылыгы.

К.Тыныстанов адегенде араб тамгасын колдоп, кийин латын тамгасына, андан орус тамгасына өтүүгө алгачкылардан болуп үндөгөнүн замандаштары эскерет. «Эркин-Тоо» гезитинин 1926-жылкы 8-апрелдеги санында анын «Баку калаасында боло турган түркология сөезди жана анын кадыры» деген макаласы басылып, ал курултайда өзү түзгөн латын алфавитинин долбоору боюнча баяндама жасаган.

Бул мезгилде жергебизде жаны мектептердин массалык түрдө ачылышы да анын чыгармачылыгынын гүлдөп турган учуруна туш келди. Ал мектептер үчүн эне тилибизде окуу китептери түзүлүшү зарыл эле.

Дал ушул маанилүү маселени чечүүнү Касым жарандык-атуулдук милдетим деп эсептеп, окуулуктарды түзүп,кураштырууга биротоло отурат.

1924-жылы «Окуу китебин» түзүп ,1926-жылы «Чондор үчүн алиппе» , 1927-жылы «Эне тилибиз» , 1933-жылы «Социалдык-экономикалык сөздүк» , 1934-жылы «Кыргыз тилинин морфологиясын» 1936-жылы «Кыргыз тилинин синтаксисин» жаратты.

Ошондой эле «Эне тили» , «Жаны айыл» , «Кыргыз адабий тилинин жаны долбоору» ,«Жаны алфавит түзүүнүн жаны принциптери», «Биздин тил» ж.б. макала , эмгектерин жазды. 37-жылдык өмүрүнүн көп бөлүгүн мамлекеттик жумуштарга арнаган К.Тыныстанов көркөм чыгарма жазууга убактысы аз болгон . Ошондой болсо дагы Ташкентте окуп жүргөндө «Өрис» , «Жаны Өрис» гезиттеринде бир нече казакча ырлары жарык көргөн . Анын биринчи өз эне тилинде жазылган ыры «Ала-Тоо» 1922-жылы жазылган . Ал поезия менен гана эмес , проза менен дагы алектенип , «Жас кайрат» журналынын төрт санына «Марият менен көл боюнда» деген көлөмдүү ангемеси «Келгин» деген ат менен жарыкка чыккан. 1925-жылы Москвадан чыккан «Касым ырларынын жыйнагы »акындын 1919-1924-жылдары жазылган бардык ырларынан куралаган.Ага удаа поэзиялык котормолор топтому «Өзгөрүш ырлар »деген ат менен Фрунзеде жазылды .Анын бул жыйнагына казак тилиндеги он эки , кыргыз тилиндеги жыйырма бир ыры жана «Жаныл Мырза» поэмасы кирген. К.Тыныстановдун жетекчилиги менен У.Абдукаимов , К.Карасаев , Т. Саманчин «Манастын» «Чон казат» бөлүгүн сапма-сап которушкан. «Академия кечелери »пьесалар түрмөгүндө «Алмамбет менен Чубактын жол талашканы »жана «Үргөнчтүн жээгинде Айчүрөктүн кырк кыз менен турушу» деген эки көрүнүш жазылган .

## К.Тыныстановдун куугунтука алынышы

Касым жаш кезинде кургак учук менен ооруган , бул оорусу 30-жылдардын башында козголгон , дарыгерлердин жардамы менен айыгып жаны эле иштей баштаганда ага «эл душманы» деген жала жабылып , жашоосундагы оор күндөр башталган . «Академиялык кечелер» театрга коюлуп башталганда 1933-жылдын 24- февралындагы жана 6- мартындагы «Кызыл Кыргызстан» гезитинин сандарында А.Токомбаевдин «Академиялык кечеси тууралуу» жана «Академиялык кеченин тыянагы» деген эки макаласы жарык көргөн.Бул макалаларда Касымга карата сындар айтылган .К.Тыныстановду улутчул , панисламизм , пантүркизм идеяларына сугарылган деп анын «Касым ырлар жыйнагы» , «Академиялык кечелер» чыгармаларынын мазмунуна карап гана күнөөлөөбөстөн , жаш кезинде алаш ордочулар менен идеялаш болгон деп дагы күнөө коюшкан .

1937-жылы Москвадан чакыртылып , эч себепсиз партиядан чыгарылып ,1-августта камалган .

1938-жылдын 5-ноябрында СССР Жогорку Аскер сотунун жабык көчмө сессиясында К.Тыныстановго 1921-жылдан тартып улутчул «Алаш-Ордо» уюмуна , андан кийин буржуазиячыл-улутчул , диверсиялык зыянкеч , «Социалдык –Туран» партиясынын жетекчилик тобуна кирген деген күнөө менен коюлуп , атууга өкүм кылынган .Өкүм тез аткарылып 7-ноябрда атылган.

1956-жылы аялы Турдубүбү тиешелүү органдарга кайрылып , 1957-жылы СССРдин Жогорку Аскердик соту 1938-жылдын 5-ноябрындагы чечимин жокко чыгарган . 1958-жылы 22-январда аны партиялык жактан акталган .

Сканировано с CamScanner

## ЫСЫК-КӨЛГӨ

Кайдасың кең Ысык-Көл, тууган жерим,
Киндигим кесип, кирим жууган жерим!
Көргөн жан саулетиңди сагынады,
Жайкалган сен Каракол — алтын кеним!

Бармысың, Түп, Жыргалаң эки өзөн-суу?
Үстүңө каздар конуп салган кыйкуу.
Жайылган саудагердин койларындай,
Көл бетин бермеушеди үйрекпен, куу!

Айланаң ашык эмес, калың тогай,
Ушады тогайыңнан сайрап торгай.
Турады көз алдымда бул күнгидей,
Кетпейсиң көкиректен мына сол жай!

Жылтырап таудан аккан сууң кандай?
Балапан конуп, учкан Кууң кандай?
Сай-сайдан кечке турум анчыркаган,
Бураң бел арууларың сенин кандай?!


Ах, жерим! Жаңылдырдың мени эсимен,
Таянып түскөн кезде күн бесиннен.
Кең далаң көрүнчү эди бейиске оксап,
Макмал жел коңургакпен самал эскен!..





K. Tynystanov's wife Turda-Bubu with their son

Сканировано с CamScanner




## Дооронбек Садырбаев

1939-жылы Ноокен районунун Апыртан айылында туулган. Жогорку билимдүү. Кыргыз Республикасынын эл артисти – деген ардактуу наамдын ээси, 3-даражадагы Манас орденинин кавалери. Кесиби боюнча – кинорежиссер.


Көзүнүн тирүүсүндө 80 даректүү, 18 көркөм телекинофильмдерди тартып, 12 китеп, 1000ден ашуун аркыл мазмундагы: ыр, очерк, макалаларды жазып, мезгилдүү басма беттеринде жарыкка чыгарган. Кинорежиссер Дооронбек Садырбаев аркыл кесиптеги он миңдеген адамдардын башын бириктерген түйшүгү мол кино өндүрүш процессинин жөндөмдүү жетекчиси катары жараткан: «Тизгинди бек карма», «Ата Журт», «Жер киндиги Жерге-Талда», «Журтумдун көрөңгөсү» деген даректүү, «Топчу», «Арман», «Түркүн тагдырлар», «Махабат дастаны», «Акбаранын көз жашы», «Кайран эл» сыяктуу көркөм кинотелефильмдери үчүн бир нече жолу бүткүл союздук жана эл аралык кинофестивалдардын абройлуу байгелерине ээ болгон. Орус, кыргыз тилдеринде жарык көргөн: «Өзөктүн өртү», «Визитка», «Топчу», «Кутүү», «Жалгыздын жары кудай» «Арамзалыктын анатомиясы» деген китептери, "А.






Акаевдин президенттиги мөртө-шорто", "Дарбыз бышып калды", "Баш кесер болгум келбейт", "Сокур орой, таз кыйык заман", "Макирөө маселе", "Карайлаган там сүзөт", "Үмүттүн долбоору" сыяктуу карапайым калктын мүдөөсүн көздөгөн устаранын мизиндей курч публицистикалык макалалары жана каралып жаткан кандай гана маселе болбосун ага карата өз көз карашын айта билген тайманбастыгы менен кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал саясатчы. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам Чыгаруу жыйынынын биринчи, экинчи, үчүнчү чакырылыштарына депутат болуп шайланган. Дооронбек Садырбаевдин саясатчы катары "Ошондо гана, эгерде, бир адамдын керт башына сыйынуу адаты апаты болсо үйүгүшкөн кылмыштуулуктун тамырына балта чабылып, экономиканын кескин ылдыйлашы басандап, бей-бечаранын көз жашын кургаткан адил заман келиши мүмкүн" деп айткан сөзү бар экен. Дооронбек Садырбаев катуу оорудан кийин 2008-жылдын 28-майында каза болгон.

Сканировано с CamScanner











Сканировано с CamScanner

# Айтматов, Чыңгыз Төрөкулович

**Чыңгыз Төрөкулович Айтматов**



| | |
|---|---|
| **Төрөлгөндөгү ысымы:** | Чыңгыз Төрөкулович Айтматов |
| **Туулган датасы:** | 1928-жылы 12-декабрь |
| **Туулган жери:** | Кыргызстан Талас, Шекер айылы, |
| **Өлгөн датасы:** | 10-июнь 2008-жыл (79 жашында) |
| **Өлгөн жери:** | Нюрнберг, Бавария, Германия |
| **Ишмердүүлүк түрү:** | прозаик |
| **Жанр:** | роман, повесть |

**Чыңгыз Төрөкулович Айтматов** (1928-2008) - кыргыз жана орус тилдеринде жазган советтик жана пост-советтик жазуучусу, Кыргыз ССРнин эл жазуучусу (1974), Социалисттик Эмгектин Баатыры (1978), Кыргыз Эл Баатыры.

**Мазмуну**


- 1 Кыскача өмүр таржымакалы
  - 1.1 Балалыгы
  - 1.2 Жетилген курак. Соңку өмүрү
- 2 Махабат айдыңында
- 3 «Манас» жана Айтматов
- 4 Эс тутум
- 5 Сыйлыктары. Наамдары
- 6 Чыгармалары тууралуу
  - 6.1 **Ак жаан**
- 7 Айтматовду эскерүү
- 8 Жарык көргөн китептери
  - 8.1 Кыргыз тилинде
  - 8.2 Беш томдон турган чыгармалар жыйнагы.
  - 8.3 Башка элдердин тилдеринде
- 9 Колдонулган адабияттар
- 10 Сырткы шилтемелер


## Кыскача өмүр таржымакалы

### Балалыгы

Чыңгыз Төрөкулович Айтматов 1928-жылы 12-декабрда азыркы Кыргыз Республикасынын Талас облусунун Киров районуна караштуу Шекер айылында мамлекеттик кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Ал кезде Шекер айылы СССРдин РСФСРининКыргыз АССРинин Талас кантонунда болчу.

Сканировано с CamScanner

Атасы Төрөкул Айтматов КПССтин Кыргыз обкомунун катчысы болгон. Төрөкул 1937-жылы репрессияланып, 1938-жылы жазыксыз жерден "пантүркист" катары атылып кеткен. Эл ичинде кадыр-барктуу, көрүнүктүү адамдардан болгон.

Апасы, Нагима Хамзеевна Айтматова - теги боюнча караколдук татар. Жергиликтүү театрда актриса болгон. Билимдүү, эл оозуна алынган, акылдуу аялдардан болгон. Анын атасы Хамза Каракол шаарындагы бай жана интеллектуал татарлардан болгон.

1942-жылы II Дүйнөлүк согуштун кесепетинен Чыңгыз Айтматовго мектепти убактылуу таштоого туура келет. Ал убакта Айтматов 14 жашта эле. Шекер эли аны кат-сабаттуу болгондуктан айыл өкмөтүнүн катчысы кылып шайлап коёт. Ошол кезде жаштардын арасында кирилче кат таанып улан-кыздар саналуу гана эле (калгандары кыргыздын арапча же латынча жазмаларын билишкен). Жаш Чыңгыздын башына кыйынчылыктар түшөт. Бирок ал баарына чыдамкайлык менен туруштук бере алды..

Андан кийин ошол эле согуш жылдарында райондук салык чогултуучу болуп иштейт. Айыл калкынан салык чогултат. Бирок согуш маалында ага салык чогултуу оңойго турган жок. Бир жылдан кийин, 1944-жылы август айында бул ишин өз эрки менен таштайт да, тракторлук бригаданын эсепчиси болуп иштейт.

1946-жылы, сегизинчи классты аяктагандан кийин Жамбылдагы зооветеринардык техникумга окууга өтөт.

### Жетилген курак. Соңку өмүрү

1948-жылы техникумду мыкты аяктап бүтүргөндөн кийин Кыргыз айыл-чарба институтуна окууга кирет. Аны дагы 1953-жылы мыкты аяктайт.



1990-жылдардан баштап СССРдин жана Кыргыз Республикасынын дипломатиялык миссияларын башкарган.

2008-жылы 16-майда Татарстанда сапарда жүргөн чагында бөйрөгүнүн иштебей калганына байланыштуу жазуучуну Германиянын Нюрнберг шаарынын ооруканаларынын бирине жеткиришет. Ал жакта 2008-жылдын 10-июнунда пневмония оорусунун кесепетинен жазуучу көз жумду.

Маркумдун сөөгү Кыргызстандагы Чүй облусундагы Аламүдүн районуна караштуу Чоң-Таш айылындагы Ата Бейит көрүстөнүнө коюлду.

### Махабат айдыңында

Айтматовдун дээрлик бардык чыгармаларында махабат баяндалат. Чындыгында, окурмандарынын жүрөгүнө жеткен ал махабаттар ой-кыялдан гана жарала калган эмес. “Аскада калган аңчынын ыйы” аттуу китебинде Чыңгыз Айтматов: “Жашырганда нө? Студент кездө, жаштык чакта бий аянтында, той-тамашада далай кыз менен таанышкан учурларыбыз болгон. Ошолордун ичинен өзүнүн жан сезими менен да, келбети менен да бүт эркимди бийлеген махабат өмүр бою эсимден кетпей калды. Ал – кыргыз искусствосунун маңдайына бүткөн чолпон жылдызы, атактуу бийчи Бүбүсара Бейшеналиева болчу...”- деп жазат.

Журналист Жаныбек Жанызак “Айтматовдун айымдары” аттуу китепче жазып, ал китепче калкка кеңири тарап кеткен. Жазуучу буга жооп кылып жогоруда аты аталган китебинде: “Уруксатсыз бирөөнүн жандүйнөсүнө үңүлүү жакшы адеп эмес. Мейли, өзүнө ылайык көрсө, жаза берсин. Кайсы жазмакердин каламына тоскоол болмок элек”- дейт да, кебин улай: “Керез – алгачкы жубайым. Жаштык, студенттик кездин алоолонгон кыйын ашууларын

Сканировано с CamScanner

бирге аштык. Апам Нагима маркум экөө эне-кыздай сыйлашып, көп жыл турмуштун ачуу-таттуусун бирге татышты. Керезден Санжар, Аскар аттуу эки уул көрдүм. Өмүрүмдүн кайталангыс күлгүн курагын кайра жаралгыс таланттуу, акылдуу, ажарлуу айымдар коштоду"

## «Манас» жана Айтматов

«Манас» эпосу профессионал жазуучулар үчүн жеке эле драматургия жаатында гана эмес, прозада, поэзияда көркөм булак болуп келүүдө. Прозада биринчи кезекте Ч. Айтматовдун эстетикалык ишмердүүлүгү өзгөчөлөнүп турат. Атактуу жазуучу улуу эпосту изилдеп, пропагандалап гана тим болбостон, анын сюжетин, идеяларын, көркөм каражаттарын чыгармаларында өтө билгичтик, чеберчилик менен пайдаланды.

К. Асаналиев мындай дейт: «Манас» Айтматовдун «көркөм акыл-зээнинде кандайдыр бир айрым үзүндүлөрү, кээ бир белгилери менен эмес, барыдан мурда синкреттик искусствонун улуу туундусу катары, өзүнчө бир бүткөн система катары жашайт».

«Манас» эпосун айтуу учурунда кунт коюп «манасчыдан угуп отуруп, ар бир сүрөттөө өз ордунда экенин көрүп, ар бир сүрөттөөнүн өзүнчө көркөмдүк системасы, көркөмдүк максаты бар экенин сезип, элдин көркөмдүк фантазиясына таң калбай койбойсуң» дейт Айтматов эпос жөнүндө[1].

## Эс тутум

2011-жылдын 30-августунда Бишкектин борборундагы Ала-Тоо аянтынын түштүк тарабына Чыңгыз Айтматовдун айкели тургузулду.

Анын ачылыш аземине Кыргызстандын президенти Роза Отунбаева, премьер-министр Алмазбек Атамбаев, Жогорку Кеңештин төрагасы Акматбек Келдибеков баштаган өлкө жетекчилери, Орусиянын президентининин администрациясынын класс жетекчиси Сергей Сарышкин, элчилер, коомчулук өкүлдөрү катышты.

Колодон жасалган, бийиктиги 3 метр болгон айкел Орусияда жасалган.


Укмуш киши!!!

## Сыйлыктары. Наамдары

- 1958 - "Эмгектеги артыкчылыгы" медалы менен сыйланган.
- 1962 - "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланган.
- 1963 - "Повести гор и степей" деген китеби үчүн Лениндик сыйлыкка татыктуу болгон.
- 1967 - "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланган.
- 1968 (август айында)- Кыргыз ССРинин эл жазуучусу деген ардактуу наам берилген.
- 1968 (ноябрь айында) - "Жаныбарым, Гүлсары" повести үчүн Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болгон.
- 1971 - Ленин ордени менен сыйланган.
- 1974 - Н.К.Крупская атындагы медаль менен сыйланган.
- 1975 - "Манас атанын ак кар,көк музу" очерки үчүн "Огонек" журналынын сыйлыгы ыйгарылган.
- 1976 - "Эрте келген турналар" аттуу повести үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.
- 1977 - "Ак кеме" повести жана ал боюнча жазылгал көркөм фильмдин сценарийи үчүн СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.
- 1978 - Ленин ордени жана "Орок жана Балка" алтын медалы менен сыйланган; Социалисттик эмгектин Баатыры" деген * наам ыйгарылган.
- 1979 - "Эрте келген турналар" жана "Деңиз бойлой жорткон Ала дөбөт" аттуу чыгармаларындагы терең


Сканировано с CamScanner

# Чыңгыз Айтматов жана чыгармалары



***Кыргызстандын залкар уулу, дүйнөгө аты таанымал белгилүү жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматов Талас облусуна караштуу Кара-Буура районундагы Шекер айылында 1928-жылы 12-декабрда туулган.***

*1946-жылы Жамбыл шаарындагы Зооветеринардык техникумду, 1953-жылы К.И.Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн. 1956-1958-жж. Москвадагы Жогорку адабият курсунун угуучусу болгон.*



*Чоң атасы - Айтмат Кимбилдиев, таланттуу кол өнөрчү жана тикмечи.*
*Тая атасы - Хамза Абдувалиев, Казан шаарында бай соодагер болгон.*
*Атасы - Төрөкул Айтматов (1903-1938) - Кыргыз ССРинин мамлекеттик ишмери. 192[illegible] жылы Москвадага чыгыш эмгекчилердин коммунисттик университетин бүтүргөн.*
*Энеси - Абдубалиева Нагима Хамзиевна (1904-1971) - коомдук ишмер.*
*Кичүү иниси - Илгиз Айтматов (08.02.1931) - Техника илимдеринин доктору, академик.*
*Кичүү карындашы - Айтматова Люция (1934-1995) - коомдук ишмер.*
*Кичүү карындашы - Айтматова Роза (Розетта) (1937) - доцент, Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагынын эмгек сиңирген ишмери.*
*Биринчи аялы - Шамшиева Керез (1930) - Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген врачы.*
*-Баласы - Санжар (1954) - журналист жана литератор.*
*-Баласы - Аскар (1959) - Тарыхчы.*
*Экинчи аялы - Мария Урматовна, ВГИКтин сценарий факультетин бүтүргөн.*
*-Мариянын биринчи турмушунан Чолпон аттуу кызы бар. Лондондо жашайт.*
*-Баласы Эльдар - сүретчү-дизайнер*
*-Небереси Сулайман*
*-Кызы Ширин (1977)*
*-Небереси Керемет*

Сканировано с CamScanner

# "Жамийла"






# "Кылым карытаар бир күн"







Сканировано с CamScanner

# "Кызыл алма"





# "Бугу эне"





Сканировано с CamScanner